Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын абалы жөнүндө
2020-жылдын I чейреги үчүн

# ОТЧЕТ


## 1. Нак акча жүгүртүү түзүмү

Нак акчалардын коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулугу 2020-жылдын I чейрегинде 100,0 пайызды түзүп, 2019-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда өзгөрүүсүз калган (2019-жылдын I чейрегинде нак акчанын кайтарымдуулугу 100,0 пайызды түзгөн).

**1-таблица.**
Нак акчанын коммерциялык банктардын кассалары аркылуу жылышы
*(млн сом)*

| Региондун аталышы | Келип түшүүлөр | | Беруулөр | | Кайтарымдуулук, % | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2019-ж. I чейреги | 2020-ж. I чейреги | 2019-ж. I чейреги | 2020-ж. I чейреги | 2019-ж. I чейреги | 2020-ж. I чейреги |
| **Бардыгы болуп:** | **436 698,6** | **483 162,6** | **436 766,6** | **483 031,3** | **100,0** | **100,0** |
| Бишкек ш. | 227 652,1 | 254 489,1 | 223 052,2 | 249 636,6 | 102,1 | 101,9 |
| Ош ш. | 41 816,0 | 56 042,8 | 42 492,1 | 56 410,4 | 98,4 | 99,3 |
| Чүй областы | 36 474,9 | 32 327,2 | 36 453,7 | 32 603,8 | 100,1 | 99,2 |
| Ысык-Көл областы | 19 796,1 | 24 207,6 | 20 601,4 | 24 951,2 | 96,1 | 97,0 |
| Талас областы | 10 456,5 | 11 906,9 | 11 670,9 | 13 195,8 | 89,6 | 90,2 |
| Нарын областы | 9 277,2 | 11 226,8 | 9 928,2 | 11 605,4 | 93,4 | 96,7 |
| Ош областы | 30 610,6 | 21 888,7 | 29 598,2 | 21 815,2 | 103,4 | 100,3 |
| Жалал-Абад областы | 43 329,0 | 50 988,6 | 45 748,5 | 52 844,7 | 94,7 | 96,5 |
| Баткен областы | 17 286,2 | 20 084,9 | 17 221,4 | 19 968,2 | 100,4 | 100,6 |

**1-график. Региондор боюнча коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулук (%)**




Нак акчанын коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулугу 2020-жылдын I чейрегинде өткөн жылдын I чейрегине салыштырганда төмөнкү региондор боюнча өскөн:


- Ош шаары боюнча – 0,9 пайызга;
- Нарын областы боюнча – 3,3 пайызга;
- Ысык-Көл областы боюнча – 0,9 пайызга;
- Баткен областы боюнча – 0,2 пайызга;
- Жалал-Абад областы боюнча – 1,8 пайызга;
- Талас областы боюнча – 0,6 пайызга.

Нак акча кайтарымдуулугунун кыйла жогорку көрсөткүчү 2020-жылдын I чейреги ичинде Бишкек шаары боюнча – 101,9 пайыз жана Баткен областы боюнча – 100,6 пайыз чегинде катталган. Ал эми нак акчанын кайтарымдуулугу боюнча кыйла төмөн көрсөткүч Талас областы боюнча белгиленген – 90,2 пайыз.


Нак акчанын коммерциялык банктардын кассаларына түшүүсү отчеттук мезгил ичинде 483 162,6 млн сомду түзүү менен 2019-жылдын I чейрегине салыштырганда 10,6 пайызга көбөйгөн.

Коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын келип түшүүсү негизги булактар боюнча төмөнкүнү түзгөн:

- коммерциялык банктын филиалдарынан, сактык кассаларынан жана алмашуу пункттарынан – 221 369,8 млн сомду, көбөйүү 5,1 пайызды түзгөн (2019-жылдын I чейрегинде – 210 704,5 млн сом);
- товарларды сатып өткөрүүдөн – 22 204,1 млн сомду, көбөйүү 22,0 пайызды (2019-жылдын I чейрегинде – 18 192,7 млн сомду) түзгөн;
- банкоматтарды жана терминалдарды инкассациялоодон – 74 437,2 млн сом, көбөйүү 29,5 пайыз (2019-жылдын I чейрегинде – 57 462,8 млн сом) чегинде катталган;
- локалдык акча которууларды жүзөгө ашыруу үчүн – 28 684,8 млн сомду, көбөйүү 12,3 пайызды (2019-жылдын I чейрегинде – 25 544,9 млн сом) түзгөн;
- кызмат көрсөтүүлөрдү ишке ашыруудан жана аткарылган иштерден – 36 511,3 млн сомду, көбөйүү 11,7 пайызды (2019-жылдын I чейрегинде – 32 686,5 млн сомду) түзгөн;
- чет өлкө валютасын сатуудан – 34 916,0 млн сом, көбөйүү 18,2 пайыз (2019-жылдын I чейрегинде – 29 528,2 млн сом) чегинде катталган.



**2-график. 2019-жылдын I чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларына келип түшүүлөрдүн негизги булактары (млн сом)**




**3-график. 2020-жылдын I чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларына келип түшүүлөрдүн негизги булактары(млн сом)**

Коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акча 2020-жылдын I чейрегинде 483 031,3 млн сомду түзүп, өткөн жылдын ушул эле чейрегине салыштырганда 10,6 пайызга көбөйгөн.


2020-жылдын I чейрегинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акчанын негизги багыттары:

- коммерциялык банктын филиалдарына, сактык кассаларына жана алмашуу бюролоруна берүү – 219 394,1 млн сомду, көбөйүү 6,1 пайызды (2019-жылдын I чейрегинде – 206 777,2 млн сомду) түзгөн;
- кызмат көрсөтүүлөргө жана аткарылган иштерге төлөө – 18 513,8 млн сом, көбөйүү 6,8 пайыз (2019-жылдын I чейрегинде – 17 325,8 млн сом) чегинде катталган;
- банкоматтарды жүктөө – 101 849,3 млн сомду, көбөйүү 28,6 пайызды (2019-жылдын I чейрегинде – 79 181,9 млн сомду) түзгөн;
- локалдык акча которууларга төлөө – 25 299,3 млн сомду, көбөйүү 8,9 пайызды (2019-жылдын I чейрегинде – 23 228,1 млн сомду) түзгөн;
- товарларга төлөө – 3 178,5 млн сом, төмөндөө 16,1 пайыз (2019-жылдын I чейрегинде – 2 738,5 млн сом) чегинде белгиленген;
- чет өлкө валютасын сатып алуу – 42 909,5 млн сомду, көбөйүү 4,7 пайызды (2019-жылдын I чейрегинде – 40 995,2 млн сомду) түзгөн;
- эмгек акыны төлөө – 784,9 млн сом, төмөндөө 2,8 пайыз (2019-жылдын I чейрегинде – 807,6 млн сом) чегинде катталган.

**4-график. 2019-жылдын I чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)**




**5-график. 2020-жылдын I чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)**




## 2. Нак эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөр түзүмү

### 2.1. Майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн Пакеттик клиринг системасы (ПКС)

2020-жылдын I чейрегинин жыйынтыгы боюнча клирингдик төлөмдөрдүн көлөмү 44 259,3 млн сомду түзгөн, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 2,2 пайызга көбөйгөн.

Клирингдик төлөмдөрдүн саны отчеттук чейрек ичинде 2 076 994 төлөмдү түзгөн, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 13,0 пайызга азайган.

### 2.2. Айкын убакыт ыргагында Эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (ГСРРВ)

Гросстук төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 2020-жылдын IV чейрегинде 1 059 226,7 млн сомду түзгөн, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 57,6 пайызга көбөйгөн.

Бардыгы болуп ГСРРВ аркылуу отчеттук мезгилде 110 479 төлөм өткөрүлгөн, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 7,8 пайызга көбөйгөн.

**2-таблица.**

Клирингдик жана гросстук төлөмдөрдүн саны жана көлөмү

| Мезгили | ПКС | | ГСРРВ | | Жыйынтыгында | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) |
| 2019-ж. I чейреги | 2 388 352 | 43 323,8 | 102 499 | 672 270,1 | 2 490 851 | 715 593,9 |
| 2020-ж. I чейреги | 2 076 994 | 44 259,3 | 110 479 | 1 059 226,7 | 2 187 473 | 1 103 486 |

### 2.3. Банктык төлөм карттар рыногу

2020-жылдын 1-апрелине карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында банктык төлөм карттарынын эмиссиясы жана эквайринги боюнча кызмат көрсөтүүлөр бардык коммерциялык банктар тарабынан сунушталган, алардын ичинен 16 банк эл аралык төлөм системасы жана 23 банк «Элкарт» улуттук системасы боюнча эмитенти жана эквайери болушкан.

**1) Банктык төлөм карттар эмиссиясы**

Жүгүртүүдөгү банктык төлөм карттардын жалпы саны 2020-жылдын 1-апрелине карата абал боюнча 3 104,9 миң картты түзгөн, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 22,5 пайызга өскөн.

Төлөм карттары түрлөрү боюнча төмөнкүчө бөлүштүрүлөт:

| | |
|---|---|
| **- эл аралык системалар** | **1 401 222 (45,1%):** |
| - «Visa» | 843 951 (27,1%); |
| - «Master Card» | 64 745 (2,1%); |
| - «Золотая Корона» (Россия) | 483 722 (15,6%); |
| - «Union Pay International» | 8 804 (0,3%). |
| **- «Элкарт» улуттук системасы** | **1 703 714 (54,9%):** |
| - «Элкарт» | 1 700 224 (54,8%); |
| - «Элкарт-UPI» | 3 490 (0,1%). |

**3-таблица.**


Жүгүртүүдөгү карттардын областтар жана системалар боюнча саны:

| Региондун аталышы | Visa | Master Card | Золотая Корона | Элкарт | UPI | Элкарт-UPI | Жыйынты гында | Үлүшү (%) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бишкек ш. | 581 667 | 41 468 | 136 685 | 439 349 | 5 845 | 2 738 | 1 207 752 | 38,9 |
| Чүй областы | 43 870 | 4 205 | 53 417 | 180 987 | 1 329 | 85 | 283 893 | 9,1 |
| Ысык-Көл областы | 39 031 | 3 036 | 42 229 | 148 346 | 354 | 92 | 233 088 | 7,5 |
| Нарын областы | 9 792 | 2 214 | 29 902 | 108 495 | 0 | 109 | 150 512 | 4,8 |
| Талас областы | 18 989 | 1 620 | 16 548 | 74 192 | 451 | 35 | 111 835 | 3,6 |
| Жалал-Абад областы | 53 743 | 5 115 | 88 557 | 286 432 | 437 | 142 | 434 426 | 14,0 |
| Ош областы | 77 581 | 5 407 | 86 131 | 329 187 | 308 | 202 | 498 816 | 16,1 |
| Баткен областы | 19 278 | 1 680 | 30 253 | 133 236 | 80 | 87 | 184 614 | 5,9 |
| **Жыйынтыгында** | **843 951** | **64 745** | **483 722** | **1 700 224** | **8 804** | **3 490** | **3 104 936** | **100** |


Бишкек шаары коммерциялык банктардын филиалдарынын/сактык кассаларынын, финансылык ресурстардын ж.б топтолушу жагында эң жогорку көрсөткүчтөр менен мүнөздөлөт, демек төлөм кызмат көрсөтүүлөр рыногу да бул жерде кыйла өнүккөн болуп саналат. Алсак, 2020-жылдын I чейреги ичинде карттарды колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялардын жалпы көлөмүндө үлүшү Бишкек шаары боюнча 57,8 пайызды түзгөн. Ал эми Талас областы боюнча 3,0 пайыз чегинде кыйла төмөн көрсөткүч катталган.

2020-жылдын I чейрегинин акырына карата абал боюнча карттарды колдонуу менен эсептешүүлөр системасы боюнча депозиттик базанын коммерциялык банктардагы банктык эсептердеги калдыктарынын көлөмү 27,8 млрд сомду түзгөн, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда өсүш 16,9 пайызды түзгөн.

**6-график. 2020-ж. 1-апрелине карата областтар боюнча жүгүртүүдөгү карттардын жалпы саны**




**7-график. 2020-ж. 1-чейреги үчүн областар боюнча картты колдонуу аркылуу операциялардын көлөмү жана саны (миң сом)**




**2) Банктык төлөм карттар эквайринги**

Отчеттук жылдын I чейрегинин акырына карата абал боюнча банктык төлөм карттар, анын ичинде «Элкарт» улуттук төлөм карты республиканын бүтүндөй аймагы боюнча орнотулган 1 757 банкоматтарда жана 11 335 POS-терминалдарда тейлөөгө кабыл алынган (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда банкоматтардын өсүшү 8,7 пайызды же 140 банкоматка көбүрөөктү, ал эми POS-терминалдар 8,8 пайызды же 916 POS-терминалга көбүрөөктү түзгөн).

Иштеп турган POS-терминалдардын жана банкоматтардын жалпы саны системалардын түрү боюнча бөлүштүрүүдө төмөнкүнү түзгөн:

- «Visa» жана «MasterCard» эл аралык системалары боюнча – 715 банкомат жана 5 410 POS-терминал;
- «Золотая корона» эл аралык системасы боюнча – 215 банкомат жана 1 210 POS-терминал;
- «UPI» эл аралык системасы боюнча – 331 банкомат жана 1 323 POS-терминал.

**4-таблица.**
Аралыкта орнотулган жабдуулардын областтар боюнча саны *(даана):*

| Региондун аталышы | Банкоматтар | POS-терминалдар | | Төлөм терминалдары |
|---|---|---|---|---|
| | | Соода тейлөө ишканаларында | Банктарда | |
| Бишкек ш. | 703 | 6740 | 636 | 538 |
| Чүй областы | 169 | 706 | 202 | 192 |
| Ысык-Көл областы | 179 | 540 | 199 | 213 |
| Нарын областы | 81 | 94 | 127 | 85 |
| Талас областы | 70 | 108 | 84 | 107 |
| Жалал-Абад областы | 220 | 328 | 319 | 257 |
| Ош областы | 255 | 616 | 407 | 401 |
| Баткен областы | 80 | 72 | 157 | 144 |
| **Жыйынтыгында:** | **1 757** | **9 204** | **2 131** | **1 937** |

**3) Банктык төлөм карттарын колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялардын көлөмүнүн жана санынын динамикасы**

Отчеттук жылдын I чейрегинин жыйынтыгы боюнча карттарды колдонуу менен 62,1 млрд сом жалпы суммасында 13,6 миллион транзакция өткөрүлгөн, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 28,3 жана 26,0 пайызга көбөйүү жүргөн. Алардын ичинен:

- акча каражаттарын нак акчага айландыруу боюнча операциялардын саны 57,8 млрд сом жалпы суммасында 9,8 млн транзакцияны түзгөн, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 18,1 жана 25,9 пайызга көбөйгөн;
- соода-тейлөө ишканаларында POS-терминалдар аркылуу жүргүзүлгөн операциялардын саны 4,2 млрд сом жалпы суммасында 3,8 млн транзакцияны түзгөн, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 65,2 пайызга жана 23,5 пайызга көбөйгөн.

### 2.4. Чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөр

Катышуучулардын чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөрү отчеттук чейректе SWIFT, «Банк-Кардар», «Е-Кардар» ж.б системаларын колдонуу менен өткөрүлгөн. Көбүнчө банктар чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөрдү өткөрүү үчүн SWIFT системасын колдонушкан.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде валютанын 12 түрү боюнча эл аралык төлөм өткөрүлгөн. Кирген төлөмдөрдүн жалпы көлөмү жылдын I чейрегинде 616,2 млрд сомду түзүп, өткөн жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда көбөйүү 11,2 пайызды түзгөн.


Чыккан төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 703,4 млрд сомду түзүп, өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда көбөйүү 17,7 пайыз чегинде катталган.

### 2.5. Акча которуулар


Акча которуулар эл аралык жана локалдык акча которуу системалары боюнча жүзөгө ашырылган. Жылдын I чейреги ичинде акча которуулардын эл аралык системалары боюнча кирген которуулардын жалпы саны 33,3 млрд сом жалпы суммасында 2 342,0 миң транзакцияны түзүп, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда которуулардын саны 7,5 пайызга көбөйсө, көлөмү 13,3 пайызга азайган.

Чыккан которуулардын саны 10,8 млрд сом жалпы суммасында 208,6 миң транзакцияны түзгөн, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 6,7 жана 7,6 пайызга көбөйгөн.

Кыргыз Республикасынын региондору боюнча кирген жана чыккан которуулардын көлөмү боюнча көбүрөөк салыштырма салмак Бишкек шаарына – кирген которуулардын жалпы көлөмүндө 35,9 пайыз жана чыккан которуулардын жалпы көлөмүндө 57,4 пайыз туура келген.




8-график. 2020-жылдын I чейреги ичинде областтар боюнча кирген акча которуулардын үлүшү (%)




9-график. 2020-жылдын I чейреги ичинде областтар боюнча чыккан акча которуулардын үлүшү (%)

Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктары берген отчетторго ылайык, Кыргыз Республикасында акча которуу системалары боюнча акча которууларды жүзөгө ашыруу эрежелеринин которууларды финансылык жактан камсыз кылуу жагында талаптар сакталууда.

Эл аралык акча которуу системаларынын жалпы санынын ичинен үчөө коммерциялык банктар менен камсыздандыруу депозитин берүү менен гана, ал эми бир система камсыздоо төлөмү аркылуу, калгандары камсыздоолордун эки түрүн тең колдонуу менен иш алып барышат.

Отчеттук чейрек ичинде эл аралык акча которуулар валютанын 5 түрү боюнча жүзөгө ашырылган.

**1) АКШ долларында акча которуулар**

2020-жылдын I чейрегинде кирген которуулардын жалпы саны 140,3 млн АКШ доллары суммасында 311,8 миңди түзгөн, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр тиешелүүлүгүнө жараша 16,9 жана 2,4 пайызга көбөйгөн. Чыккан которуулардын саны 78,0 млн АКШ доллары суммасында 80,2 миң төлөмдү түзгөн, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр тиешелүүлүгүнө жараша 6,3 жана 6,0 пайызга көбөйгөн.

**2) Евро валютасында акча которуулар**

Отчеттук чейректин жыйынтыгы боюнча 4,7 млн евро жалпы суммасында 12,6 миң кирген которуулар өткөрүлгөн, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көбөйүү тиешелүүлүгүнө жараша 13,7 жана 7,6 пайызды түзгөн. Чыккан которуулардын саны 2,0 млн евро жалпы суммасында 2,6 миң транзакцияны түзгөн, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 13,7 жана 7,6 пайызга көбөйгөн.

**3) Орус рублинде акча которуулар**

Отчеттук мезгил ичинде 20 971,5 млн рубль суммасында 2 017,6 миң кирген которуу өткөрүлгөн, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, которуулардын саны 6,1 пайызга көбөйгөн, ал эми көлөмү 20,6 пайызга азайган. Чыккан которуулар боюнча 4 264,8 млн рубль суммасында 125,4 миң транзакция ишке ашырылган, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда которуулардын саны 8,0 пайызга көбөйгөн, ал эми көлөмү 0,1 пайызга азайган.

**4) Казак теңгесинде акча которуулар**

2020-жылдын I чейрегинде 0,8 млн теңге суммасында 1 кирген которуу ишке ашырылган, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда төмөндөө тиешелүүлүгүнө жараша 99,8 жана 99,7 пайызды түзгөн. Чыккан которуулар 64,4 млн теңге жалпы суммасында 0,4 миң транзакцияны түзгөн, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, көрсөткүчтөр тиешелүүлүгүнө жараша 58,8 жана 154,4 пайызга көбөйгөн.

**5) Кыргыз сомунда акча которуулар**

Отчеттук мезгил ичинде улуттук валютада 0,2 млн сом суммасында 1 кирген которуу болгон.

**5-таблица.**
Акча которуу системалары аркылуу акча которуулар:

| Акча которуу системалары | | 2019-ж. I ч. | | 2020-ж. I ч. | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Саны, даана | Көлөмү, млн сом | Саны, даана | Көлөмү, млн сом |
| **Western Union** | Кирген | 314,07 | 5167,44 | 347,88 | 4642,13 |
| | Чыккан | 11,5 | 590,79 | 9,55 | 526,58 |
| **Contact** | Кирген | 61,47 | 1981,9 | 50,66 | 1553,87 |
| | Чыккан | 31,41 | 1025,9 | 34,33 | 963,97 |
| **Money Gram** | Кирген | 23,19 | 927,93 | 20,92 | 876,13 |
| | Чыккан | 1,98 | 128,83 | 1,52 | 104,07 |
| **Юнистрим** | Кирген | 124,5 | 2516,61 | 83,07 | 1526 |
| | Чыккан | 7,05 | 1232,85 | 3,49 | 367,74 |
| **Быстрая почта** | Кирген | 0 | 0 | 0,001 | 0,005 |
| | Чыккан | 0 | 0 | 0 | 0 |
| **БЛИЗКО** | Кирген | 0,19 | 4,92 | 0,1 | 1,91 |
| | Чыккан | 0 | 0,02 | 0 | 0 |
| **FASTER** | Кирген | 0,46 | 7,12 | 0 | 0 |
| | Чыккан | 0,17 | 2,88 | 0 | 0 |
| **Золотая Корона** | Кирген | 2313,8 | 34777,14 | 1835,3 | 24565,04 |
| | Чыккан | 199,88 | 11073,25 | 159,64 | 8879,9 |
| **RIA** | Кирген | 4,31 | 133,36 | 4,11 | 135,03 |
| | Чыккан | 0,1 | 4,19 | 0,1 | 3 |
| **Жыйынтыгында системалар боюнча** | **Кирген** | **2 842,0** | **45 516,4** | **2 342,0** | **33 300,1** |
| | **Чыккан** | **252,1** | **14 058,7** | **208,6** | **10 845,3** |

### 2.6. Төлөм системаларынын операторлору жана төлөм уюмдары

2020-жылдын 1-апрелине карата абал боюнча 24 юридикалык жак Улуттук банктын лицензиясына ээ болгон, анын ичинен 23 лицензия төлөм системасынын операторунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна жана 24 лицензия төлөм уюмунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна берилген.

2020-жылдын 1-чейрегинде төлөм системаларынын операторлору/төлөм уюмдары аркылуу 10,4 млрд сом жалпы суммасында 39,8 млн транзакция өткөрүлгөн.

Бардык төлөмдөрдүн негизги үлүшү уюлдук байланыш операторлорунун пайдасына туура келген – 3,9 млрд сом (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнө карата 38,43 пайыз), уюлдук байланыш операторлорунун пайдасына төлөмдөрдүн саны 33,1 млн транзакцияны түзгөн (төлөмдөрдүн жалпы санынын 83,25 пайызы).


Товарлардын/кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик жана коммуналдык сунуштоочуларынын пайдасына төлөмдөрдүн көлөмү (коммуналдык кызматтарга төлөө, салыктык жыйымдарга, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Жол кайгуул кызматына айыптык төлөмдөр, мамлекеттин бюджетине башка төлөмдөр) 1 806,1 млн сомду (төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 17,38 пайызы), ал эми төлөмдөрдүн саны 2,1 млн транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынын 5,2 пайызын) түзгөн.

Электрондук капчыктарды толуктоо көлөмү 1 450,7 млн сомду (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнө карата 13,96 пайыз), ал эми капчыктарды толуктоо саны 1 419,6 миң транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынан 3,57 пайызын) түзгөн.


**6-таблица.**
Төлөм системаларынын операторлору/төлөм уюмдары аркылуу өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны жана көлөмү:

| № | Төлөмдүн түрү | Саны *(бирдик)* | Үлүшү *(%)* | Көлөмү, *(миң сом)* | Үлүшү *(%)* |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мобилдик байланыш | 33 147 005 | 83,25 | 3 993 751,4 | 38,43 |
| 2 | Банктык кызмат көрсөтүүлөр | 512 209 | 1,29 | 1 522 828,5 | 14,65 |
| 3 | Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр | 1 833 735 | 4,61 | 1 647 821,6 | 15,86 |
| 4 | Салыктык жыйымдар | 31 567 | 0,08 | 32 208,3 | 0,31 |
| 5 | Жол кыймылынын эрежелерин бузгандыгы үчүн айыптар | 47 593 | 0,12 | 38 734,4 | 0,37 |
| 6 | Мамлекеттин бюджетине башка төлөмдөр | 158 397 | 0,40 | 87 364,0 | 0,84 |
| 7 | Электрондук капчыкты толуктоо | 1 419 577 | 3,57 | 1 450 668,6 | 13,96 |
| 8 | Интернет үчүн төлөө | 390 185 | 0,98 | 342 647,9 | 3,30 |
| 9 | Телекөрсөтүү үчүн акы төлөө | 85 324 | 0,21 | 32 792,0 | 0,32 |
| 10 | Башка кызматтар үчүн төлөө (таксилер, жарнама, катталган телефон байланышы ж. б.) | 1 307 638 | 3,28 | 174 161,7 | 1,68 |
| 11 | Башка интернет-тиркемелердеги (соц. төлөмдөр интернет-дүкөндөр, интернет оюндар, ж. б.) | 223 924 | 0,56 | 283 095,1 | 2,72 |
| 12 | Кайрымдуулук | 771 | 0,002 | 142,4 | 0,001 |
| 13 | Билим берүү | 4 153 | 0,01 | 7 606,5 | 0,07 |
| 14 | Туристтик кыдыруулар | 336 | 0,001 | 897,5 | 0,01 |
| 15 | Башка төлөмдөр | 653 288 | 1,64 | 778 213,6 | 7,49 |
| **2020-жылдын I чейрегинин жыйынтыгында** | | **39 815 702** | **100,0** | **10 392 933,6** | **100,0** |

**10-график. Төлөмдөрдүн саны, %**




**11-график. Төлөмдөрдүн көлөмү, %**




Төлөм уюмдарынын иши автоматташтырылган өз алдынча тейлөө терминалдары (cash-in), агенттик тармак жана электрондук акчаны колдонуу аркылуу үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алууга негизделген.

2019-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда отчеттук жылдын I-чейрегинин акырына карата абал боюнча төлөм уюмдарынын жана алардын агенттеринин төлөм терминалдарынын саны 1,15 өсеге көбөйүп, 7 964 бирдикти түзгөндүгүн белгилеп кетүү зарыл.

**2.7. Электрондук акча**

2020-жылдын I чейрегинин акырына карата электрондук акчанын эмитенти болуп тогуз коммерциялык банк саналат, электрондук акча менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү боюнча он бир локалдык система иш алып барууда, алардын ичинен бир системасы 2019-жылдын II чейрегинен тартып чектөө функционалы менен (электрондук акчаны нак акчага айландыруу (төлөө) иши гана) жүргүзүлүүдө.

Өткөн мезгилге салыштырганда электрондук акча боюнча көрсөткүчтөрдүн өсүшү байкалган, бул аларды колдонуунун жеңилдигине жана ыңгайлуулугуна байланыштуу

болгон. Электрондук капчыктардын саны 2,4 млн капчыктан ашыкты түзүп, 20,3 пайызга көбөйгөн (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 64,04 пайызга көбөйгөн).

2019-жылдын I чейрегине салыштырганда отчеттук мезгил ичинде:


- электрондук капчыктар ортосунда акча каражаттарын которуу көлөмү 1,5 эсе көбөйүп, 1,2 млрд сомду түзгөн, акча каражаттарын которуунун саны 0,2 млн операцияны түзүп 68,42 пайызга көбөйгөн;

- электрондук акчаларды накталай акчага айландыруу операцияларынын көлөмү 1,4 эсеге көбөюп, 3,6 млрд сомду түзгөн, мындан операциялардын саны 31,95 пайызга азайып 0,5 млн. операцияны түзгөн;


- товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө боюнча операциялардын көлөмү 1,6 эсеге көбөйүп, 1,9 млрд сомду түзгөн. Операциялардын саны болсо 5,37 пайызга көбөйүп 4,0 млн операция катталган;

- электрондук капчыктарды толуктоо көлөмү 1,5 эсе көбөйүп, 5,5 млрд сомдон көбүрөөктү түзгөн, мында электрондук капчыктарды толуктоонун саны 2,9 млн операцияны түзүп, 13,33 пайызга көбөйгөн.

12-график. Электрондук капчыктардын санынын динамикасы (млн бирдик)




13-график. Электрондук акчалар менен транзакциялардын саны жана көлөмү




**2.8. Банктык чекене агенттер**

Агенттердин ишке тартылышы коммерциялык банктарга товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү кабыл алуу жана жүргүзүү, кредиттердин ордун жабуу, банктык эсепти толуктоо, банктык карттардан нак акча каражатын берүү, бюджетке төлөмдөрдү кабыл алуу ж.б. боюнча калкка финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо чөйрөсүн кеңейтүүгө өбөлгө түзөт.

2020-жылдын I чейреги ичинде ишке тартылган банктык чекене агенттердин саны:

- 55 агент кызмат көрсөтүүлөрдүн кеңири чөйрөсүн сунуштаган, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда которуулардын саны 23 же 71,9 пайызга көбөйгөн;

- 214 агент кызмат көрсөтүүлөрдүн чектелген чөйрөсүн сунуштаган, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда которуулардын саны 18 же 9,2 пайызга көбөйгөн .

**3. Методологиялык иш**

2020-жылдын I чейрегинин жыйынтыгы боюнча Улуттук банк Башкармасынын токтому менен төмөнкү ченемдик укуктук актылар бекитилген:

- Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын 15-июлундагы № 30/6 «Кыргыз Республикасында акча которуулар системасына тиешелүү акча которууларды жүзөгө ашыруу боюнча эрежелерин бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Улуттук банк Башкармасынын 2020-жылдын 18-мартындагы № 2020-П-14\12-2-(ПС) токтомунун редакциясына ылайык;

- Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 8-июнундагы № 2017-П-12/23-8 «Убактылуу администрация жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Улуттук банк Башкармасынын 2020-жылдын 27-мартындагы № 2020-П-14\17-1-(ПС) токтомунун редакциясына ылайык;

- «Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 27-мартындагы № 9/10 «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарында жана банктык эмес финансы-кредит уюмдарында кассалык операцияларды ишке ашыруу боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү

киргизүү жөнүндө» Улуттук банк Башкармасынын 2020-жылдын 27-мартындагы № 2020-П-14\17-2-(НПА) токтомунун редакциясына ылайык;

- Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2008-жылдын 28-майындагы № 22/4 «Тике банктык көзөмөл жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Улуттук банк Башкармасынын 2020-жылдын 27-мартындагы № 2020-П-14\17-3-(НПА) токтомунун редакциясына ылайык;

- Кыргыз Республикасында санариптик төлөм технологияларын өнүктүрүү боюнча 2020-2022-жылдарга каралган концепцияны бекитүү тууралуу Улуттук банк Башкармасынын 2020-жылдын 27-мартындагы № 2020-П-14\17-4-(ПС) токтомунун редакциясына ылайык.